Кырг
83.8
Т51

Асылгүл Токторбаева


# Термометр



Кырг
83.3,8
Т51

Асылгүл Токторбаева

# ТЕРМОМЕТР




*Сүрөтчү*
Элнур Исаков

Бишкек 2023

УДК 087.5:31.32-5
ББК 74.202
Т 51

Токторбаева А.
Т 51 «Термометр» / Сүрөт. Э. Исаков. – Б.: «Глобал Принт», 2023. – 16 б.

ISBN 978-9967-491-18-2


Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/)
боюнча лицензияланган.

CC BY


Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б. А. Абдухамидова, К. Р. Акматова, Н. Т. Кабылбаева, Ж. А. Каримова, А. Ж. Муратов, Р. К. Султангазиева, А. Д. Токтомаметов, Б. Б. Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

Created with Bloom

ISBN 978-9967-491-18-2
РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 367625 / 18
УДК 087.5:31.32-5
ББК 74.202
РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК





Мен Термометрмин.




Абанын ысык же суук экендигин көрсөтөм.


Сандар эмнени көрсөтөт? Ортодогу 0 (нөл) деген сандан баштайлы. Карасаң, 0дүн жогору жагындагы сандар кызыл түстө. Булар аба жылуу дегенди билдирет.


0дүн төмөн жагындагы сандар көк түстө. Булар аба муздак дегенди билдирет.






Ортодогу ичке түтүкчөдө “сымап” деген суюк зат бар.






Аба жылыган сайын, сымап созулуп, жогору көтөрүлөт.

Сымап 0дүн жогору жагындагы 25 деген сандын тушунда турат. Демек, аба 25 градус жылуу. Бул кадимки эле бөлмөдөгү температура. Жеңил кийинсең болот.




Аба сууган сайын, сымап төмөн түшөт.

Сымап 0дүн төмөн жагындагы 6 деген сандын тушунда турат. Демек, 6 градус суук. Бул муздаткычтын ичиндеги температура. Сыртта кар жаап, суук болуп жатат. Жылуу кийин!



Силер көтөрүп жүргөн телефондон да белги берип турам.
0дөн жогоруну «+»,
ал эми 0дөн
төмөндү «–»
белгилери
менен
көрсөтөм.




+5°C
-3°C
+4°C
+0°C
+1°C



Экрандын жогору жагындагы санды көрдүңбү?
–3, –2, –1 десем, анда суук.
+10, +15, +8 десем, анда жылуу.
Өтө тердеп же үшүп калба! Температурага жараша кийин.

Басууга 18.10.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 64x90 $^1/_{16}$.
Көлөмү 1 басма табак.
Нускасы 4705 даана.

**ЖЧК «Глобал Принт» басмаканасында басылды.**

28,80
РБДЮ
36762 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
Асылгүл Токторбаева

*Сүрөтчү*
Элнур Исаков

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

Бул жана башка электрондук китептерди QR-код аркылуу окусаңыз болот.

**ЖЧК «Глобал Принт» басмаканасында басылды.**
**Нускасы 4705 даана.**